**Венера Мырзабекова**

# ЖҮРӨКТӨГҮ ТУМАР

**Ош — 2014**

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-5
М 94

М 94 Мырзабекова В.
Жүрөктөгү тумар. – Ош; 2014.68 б.

ISBN 978-9967-18-094-9

*Автордун бул китеби Москва шаарындагы «Москва кайрыктары» адабий клубу тарабынан талкууга алынып, басмага сунушталды. Китеп поэзия сүйүүчүлөрдүн кеңири чөйрөсүнө арналат.*

М 4702300200-14 УДК 821.51
ББК 84 Ки7-5
ISBN 978-9967-18-094-9
© Мырзабекова В.
2014

# АЛГЫ СӨЗ

*Китеп-билим булагы, Дүйнөнү жаңырткан да китеп, китепти сүйө билгиле. Ал турмушуңарды жеңилдетип, ой пикирдин, сезимдин, окуянын чийеленген түйшүгүн чечүүгө жардам берип, адамды жана өзүн-өзү урматтоого үйрөтөт.*

*А.М. Горький*

Убакыттар учкан жебе сыяктанат, биздин жашообуз маарекеге карай тизилген күлүк сымал дегендей өзүбүздүн жөндөмүбүзгө карай чуркайбыз, ал эми маареке биздин алдыга койгон максатыбыз болуп талыкпай чуркоого дем берген табиятыбыздан жаралган талант гөрөнгөсү турбайбы.

Сөз учугунда биздин талантуу кызыбыз Венара Мырзабекова чыгармачыл жаштардын катарында канат керип тургандагы жаралган керемет ыр саптары жана ой жүгүртүү булагынан оргуп чыкан кереметтүү ойлору, учкул сөздөрү, макал–лакаптары, накыл сөздөрү, ойго-ой, акылга-акыл кошуп талыкпай эмгектенип келе жатканы көрүнүп турат. «Жүрөктөгү тумар» аттуу китебин жарыка чыгарып окурмандарга тартуулоо алдында турат.

Зирек кызыбыз кыртыштуу жерде өскөн мөмө жемиш дарагы сыңары, шактарында байлаган мөмөсүн алгач ирет өз журтчулугуна бел байлап арноонун

алдында турат, анын башка жаштарга караганда өзгөчөлүгү бар. Биздин ата тегибизден бери айтылып келе жаткан акыл насааттарыбызды, үрп-адат-тарыбызды, залкар ойлорубуз, мүдөөлөрүбүз, жорук-жоосундар ооздон-оозго өтүп китепке жазышып мурас калтырышып келе жатат. Ошолорго сөз кошкон аз да болсо мезгилдин талабына ылайыкташтырган кошумча чыгарма-лар биз кеп кылып жаткан Венара кызыбыздын чыгармаларынан да байкоого болот. Канчалык окшоштуктар болбосун сөз төркүнү башка идеяны жаратса бир топ акыл жандырган учкул ойлоруна күбө болосуздар. Жаштарыбызга Венаранын жазган ыр саптары жана карапайым калкыбыздын арасында айтылып жүргөн накыл сөздөргө жөнөкөй-лөштүрүп турмушта зирек жашоого үлгү болууга үндөйт, анын чыгармаларын жаштар интернеттен окушуп жакшы ой тилектерин айтышууда.

**Мисалга алсак:**

Жолдошуң жакшы болсо, кадырың бийик болот,
Үйүңө береке толот, жылдызың жарык болот.
Оюң бир жерде болсо, жашооң кызыкка толот,
Мээримдүү ата болсоң, акылдуу өмүрлөш болот.
Кайын журтуң сыйлай билет,
Сени ар дайым колдойт, жаман сөздөн коргойт.
Аял үчүн бул-чоң бакыт болот.

Карабайсызбы ыр саптарына окшогон акыл ойлор, көңүлүңдү жубатып жашоого болгон кызыкчылыгыңды арттырып, баардыгы өзүңө байланыштуу эгер жакшы болсоң, жашооң жакшы болот деп эки жашка ынтымакчылыкты тилеп,

бактылуу болуунун эрежеси катарында кең-кесири дааналап берген. Бул саптар жаштардын тамырына суу берип, жан дүйнөсүнө күндүн нурун чачкан сыяктуу.

Бар жашоодо алтындан да кымбат нерсе,
Бар өмүрдө, уят сыйлап өлгөн нерсе.
Бийлик оомат бир күн келип кайра кетет,
Бул жарыкта ыймандуулук жакшы нерсе.-

деп баарынан кымбат нерсени ыймандуу-лукка коюп, адамгерчиликтин эң улуу сапаты ыймандуулук экенин баса белгилеп кеткен.

Айтор ыр саптарында болсун, учкул ойлорунда өз алдынча бир топ өзгөчөлүктөр менен эмгектенип далалаттанганы жаш акын кызыбыздан көп түрдүү ырыс кешиктүү, мээр шыбагалуу, акылга-акыл кошкон ой сүрөгөн топуктуу таасир алабыз деген оюм бар.

Сага чыгармачылыктын жаңы агымындагы жараткан ийгилигиң байсалдуу болсун, барган сайын кадамың арбыштап мындан ары калемиң курчуп, элибиздин керегине жараган кыздардан болушуңду күтөм. Чыгармачылык сенин ар дайым коногуң болсун, ой ассырап, нуска жазган акын бол, келечек муундардын өзөгү болушуңа тилектешмин. Темир канат чыгармаларыңа ак жол каалап сени урматтаган.

***Адашкан Пирматов***
***КР Жазуучулар Союзунун мүчөсү***
***«Жан шерик» жана «Асыл турагым» китептеринин автору***

# ТААЗИМ

Оо Жараткан, мага атаган ар бир күнүңө ыраазымын.

Ичип жаткан суума, жеп жаткан ырыскыма, жарыктагы жашоомо.

Ак караны ажыратсын деп, көрсөткөн жакшы-жаман күндөрүңө.

Жакшы жашоонун даамын татуу үчүн, көрсөткөн ыраатыңа ыраазымын.

Ар бир инсан менин жакыным. Бири ата-энем, бири ага-эжем, бири курбум-досум, бири иним-синдим, бири уулум-кызым.

Жакындарыман жакшылыгыңды аяба. Эли журтум аманчылыкта болсун. Башымды ийип таазим этем.

***

Урпагымын улуу Манас бабамдын.

Улутумун Чынгыз Айтматов атамдын,

Перзентимин Курманжан Датка апамын.

Мен кыргызмын кыргыз болуп каламын,

Диним ислам, Китебим куран,

Мен үчүн ынтымакчылык ураан.

***

Сиздей мени эч ким жакшы көрбөсө керек?

Сиздей мага эч ким бакыт каалабаса керек?

Бийик тоом, аска зоом! Сиздин ар бир айткан сөзүңүз, жаныма кубат!

Жашоодо жашаганыңыз, мен үчүн чоң бакыт, ар дайым бар болуңуз -атакем менин!

*Элден чыккан акылды багып алдым,*

*менден чыккан акылды таанып алгын!*

Акылдуу душмандан эмес. Акылсыз досуңан корк.

Жашоодон эмес, туура жашай албагандан корк.

Кыйынчылыктан эмес, аны жеңе албай калуудан корк.

Күчтүүдөн эмес, кудайдан корк.

Ыйлагандан эмес, ыйманы жоктон корк.

Сөздөн эмес, сөзүнө турбагандан корк.

**Жашоо** - жашоо эмес, бакыт болбосо.

Адам -адам эмес, өмүр болбосо.

Жакшы - жакшы эмес, жаман болбосо.

**Сүйүү** - сүйүү эмес, керемети болбосо.

**Мезгил** бул- кимдин ким экенин көрсөтүүчү күзгү.

**Тагдыр** бул- сен кааласаң да, каалабасаң да, бешенеге жазылган тамга.

Акыл менен тил, сени башкаруучу руль.

**Тагдыр** бул, адамдын жөндөмүн сыноочу тараза.

**Убакыт** бул, адамдын жашоого болгон көз карашын, канчалык деңгээлдеги жан дүйнөнүн тунук экенин көрсөтүүчү саат.

***

Адам баласы, бул жарыкта сыноого келген
конок.
Пенделер пендечилик кылгыча, өз милдетин
билүү керек.
Башкаларга жакшы жактан сабак болуп
калуу керек.

***

Жолдошуң жакшы болсо, кадырың бийик
болот.
Үйүңө берекке толот, жылдызың жарык
болот.
Оюң бир жерде болсо, Жашооң кызыкка
толот.
Мээримдүү ата болсоң, акылдуу өмүрлөш
болот.

Кайын журтуңу сыйлай билсең, сени ар
дайым колдойт.
Жаман сөздөн коргойт,  аял үчүн бул чоң
бакыт болот.

# НЕ ПАЙДА

Түшүнбөгөн адамга, түшүндүрүп не пайда.
Акылы жок адамга, акыл айтып не пайда.
Жалкоо болгон адамга, иште деп не
пайда,
Уйкуну сүйгөн адамга, тур дегенден не
пайда.
Кадырыңа жетпесе, кадырланып не пайда,
Жүрөгүңдү оорутса, кечиргенден не пайда.
Сый урматты билбесе, сыйлагандан не
пайда,
Жашоонун кадырын билбесе, жашагандан
не пайда.

# МҮНӨЗДӨМӨ

Жакшы эркек, сынын бузбайт, сырын айтпайт,

Чечкиндүү, акылдуу, оор басырыктуу, иштерман, ойчул болот.

Бирөөнү уга билет, ойлонуп жооп берет, жамандан алыс болот.

Жакшыга жакын болот, барга көппөйт, жокко чөкпөйт.

Ачык айтып, ак сүйлөйт, ар дайым бир калыпта болот.

Үй -бүлөсүн сыйлай билет, аз жана саз сүйлөйт.

Айткан сөзүнө жооп берет, жакшы өмүр жолдош болот.

Мээримдүү ата болот, өзү барктуу болот.

Башкага акыл болот, башынан жакшы болот.

Жакындарына үлгү болот.

## СЕН АДАМСЫҢ

"Жарыктагы жаралган жандуулардын эң улуусу, Адам деген ат менен бул жашоого келген, тагдырда тайманбай жашай билген, жашап өмүрдү өткөрө билген сен - "Адамсың" Сенде акыл бар ойлоно аласың, сезим бар сезе аласың, жүрөк бар жашай аласың, мээрим бар башкаларга жылуу мамиле жасай аласың, аракет кылып жоктон бар кыла аласың, себеби сен "Адамсың". Эч бир жанга жамандык кылбай жашайлы, жаман сөз айтпайлы, адашып калбайлы, бир келген өмүрдө арманда болбойлу, себеби биз- "Адамбыз".

## БАЛАНЫ БАШЫНАН

Болоор бала башынан, жашоого тың болот жашынан.

Оордун табат турмуштан, эч талыкпайт жумуштан.

Ата-энесин сыйлай билип, айланат кабак кашынан.

Жакшыга жакын болот, эч тайбас тайлак болот.

Сөзду таап сүйлөйт, адамды алга үндөйт .

Өзү жөнөкөй болот, өнөрү күчтүү болот.

Намыскөй нарктуу болот, кадыры барктуу болот.

Болоор бала эр жетсе , тапканы берекелүү майлуу болот.

Бири эки болуп жолдуу болот, боло турган иш менен алек болот.

Акылдуу чечкиндүү ойчул болот. Кадамын билип басып жайлуу болот.

Жакшы менен жаманга калыс болот. Ичкилик менен чылымдан алыс болот.

## КИМ БИЛЕТ

Кичинекей баланын "бек" болорун ким билет.

Ал чоңоюп бой жетсе "эр" болорун ким билет.

Тайманбай алга умтулган "уул" болорун ким билет.

Ачык айтып ак сүйлөп "кут" болорун ким билет.

Ата-энесин урматтаган "нур" болорун ким билет.

Айттырбай баарын аткарган "чоң" болорун ким билет.

Эл журтуна сүйкүмдүү "жан" болорун ким билет.

Ыйманы бар жүрөктө "бай" болорун ким билет.

Адамды алга үндөгөн "ай" болорун ким билет.

Намыскөй, барктуу, акылдуу "жар" болорун ким билет.

Жигиттин гүлү болот, эч кимге сырын ачпаган.

Чыкыйып өзүн эптеген, алек болуп иш менен.

Ийгилик дайым издеген, ата-энеге ийилген.

Аялзатын сиз деген, жоопкерчилигин билген.

Чечкиндүүлүк менен изденген, намысты жамына кийген.

Сүйүүгө туруктуу келген, адамдын баркын билген

Жакшыга башын ийген, Жигиттин гүлү-сөз берип сөзүнөн кайтпайт.

Иш баштаса ишинен качпайт. Үйүндө бекер жатпайт.

Башкага оорун артпайт. Жаман жолго баспайт.

***

**Сезимдер серээси....** Канчалык кайраттуу болсом да, сага болгон сүйүүмдүн жанында ушунчалык алсызмын.

Акылым жайында, сени эстегенде акылымды башкара албай калам. Кайырчымын, жан дүйнөңдөн мага оорун берүүңдү суранам.

Сууда сузө албаймын, бирок ар дайым сезимдин көлүндө сүзөмүн, тумчугуп калуудан корком.

Кор эмесмин, сүйүүнүн жашын, түсүн көрө албайм болгону. Ууру эмесмин, бирок жан дүйнөңдү уурдап алгым келет.

Ыйлак эмесмин, билесиңби жүрөгүмдүн ыйлаган үнүн кээде өзүм угам. Туткундагы адам сыяктуумун, сени унутуп эркин боло албайм.

Уйкучу эмесмин, сен тууралуу түш коргөнүмдө эч качан ойгонгум келбейт. Чекпеймин, чеккендерге

окшоп саат сайын сага болгон сагыныч кумарым кармайт.

Ичпеймин бирок, ар дайым сүйүүңө масмын Жашынмак ойнобоймун, издеп таба албай калуудан корком.

Өлүмдөн коркпойм, сени жоготуп алуудан, унутуп калуудан корком. Түндөн корком, түшүмдө сени көрбөй каламбы деп.

Өзүмчүл эмесмин, бирок сени өзүмдүк кылып алгым келет. Оорулуу эмесмин, сүйүү дартынан айыга албай кыйналам, сезимим ооруп кыйнап.

Жалгыз эмесмин, кыялымда дайыма сени мененмин .

# АЯНЫЧТУУ ЧЫНДЫК

Кыргызымдын аялдары, кыздары, келин-дери тууралу ар турдүү ой пикирлер, жаман сөздөр эркектерибиз жагынан айтылып жатат. Эң аянычтуусу өнүккөн өлкөлөрдө, мисалы Орусиянын бардык шаарларында кыргызымдын аялдары кара жумуштарда иштеп жатканы өкүндүрөт.

Пол, ийдиш аяк жууган ж.б.у.с. жумуштар менен алек болгон аял затыбыз көп. Акылдуу, ыймандуу, намыстуу эркектер, аялын же болбосо кызын талаага акча табууга чыгарбайт.

Мусулманчылыкта көп аял алууга уруксат берилген, бирок бага алсаң, кудуретиң жетсе деп айтылган. Биздин эркектерге көп аял алуу модага айланып баратат. Башкага үйлөнсөң да үй-бүлөңдү таштаба, балдарыңды бак жоопкер-чилигиңди билсең жакшы болмок. Бирин бага албай туруп башкага үйлөнүү туура эмес.

Ошондуктан биздин аялдарыбыз бала-чака багабыз деп талаалап жүрүшөт. Бирда эне, бирда аял, бирда кыз бактысыз болууну, өзүнө жаман сөз артырууну каалабайт. Же кыргызым-дын аялдары кудайымдын өгөй пендесиби?

Биздин аялдардын атасы, акеси, жолдошу кайда, намысын укугун ким коргойт? Башка мусулман өлкөлөрүндө аял затын сыйлап урмат-ташат, кадырына жетсе, эмгегин баалай билишсе, аял-үйдүн куту, энени бейиш, эже карындашын боорум, кызым гүлүм деп санашат.

Аял кишинин орду үй ичинде болушу керек, бала тарбиялоо сүйүктүү жар болуу.  Аял затын колдон келсе сыйлайлычы. Жаман ат, жаман жалаа жаппайлычы. Ойгончу кыргызымдын мырзалары, аялдын кадыр баркын сыйлайлычы...

## ЭКИНЧИ ЧЫНДЫК

Акылдуу ар дайым изденет, ийгиликтерге өз күчү менен жетишет.

Акылдуу сабырлуу болгон адам максат кылган жакшылыктарынын үстүнөн чыга алат.

Бир күн эмес бир саатыңды текке коротпо, убакыттан утулба, жашоону жеңе бил.

Сүйөм дегенге ишенбе, аны тереңден байкоо керек,  жакшы сапаттары менен сени өзүнө сүйдүрө билгенге ишен.

Кооз сүйлөгөндү эмес, сөзүнө турганды баала.

Үй бүлөөсүн сыйлабаган, башканы да сыйлабайт.

Бүгүн сени алдаган, эртең башканы да алдайт.

Пенденин улутуна, динине эмес, мамилесине, ыйманына баа бер.

Жалкоонун шылтоосу көп болот, камы жок болот.

Ар бир адамды уга бил, бирок өзүңө ишен, ар дайым туура чечим чыгар.

Чечкиндүү болууга аракет кыл, сени ар дайым колдоочу ал өзүң.

Мезгил бул-кимдин ким экенин көрсөтүүчү күзгү.

Тагдыр бул-сен кааласаң да, каалабасаң да, бешенеге жазылган тамга.

Акыл менен тил, сени башкаруучу руль.

## ҮЧҮНЧҮ ЧЫНДЫК
## "БААЛАЙ БИЛ"

Адамдын келбетине эмес, акылына баа бер.

Көркөмүнө эмес, жөндөмүнө баа бер.

Сулуулугуна эмес, ыйманына баа бер.

Өзүнө эмес, өнөрүнө баа бер.

Салмагына эмес, саламына баа бер.

Көзүнө эмес, сөзүнө баа бер.

Боюна эмес, оюна баа бер.

Жаман сөз чыкпайт жерден. Аял кетпейт жакшы эрден.

Теңелбегин жаман менен. Дос болгун жакшы менен.

Аянбагын ата-эненден. Кыздын багы тийген эрден.

Жакшы -бата алат элден. Мээнеткеч үзүр табат эмгегинен.

Туура жашайт турмуштун баркын билген.

## ТӨРТҮНЧҮ ЧЫНДЫК
## "БААМ САЛУУ"

1. Бирөөнүн көңүлүн орутуу оңой, кечирим суроо да оңой, бирок көңүлүңдөгү такты кетире албайсың.

2. Бир күндүк кызыкчылыгын ойлогон адам келечегин түзө албайт.

3. Үйдүн сыртын көрүп, ошол үйдүн кожоюнунун жашоодогу жөндөмүн билүүгө болот.

4. Аялдын кандай экенин мамилесинен, жасаган тамагынан, үй ичинен билүүгө болот.

5. Акылдуу өзүнө, сөзүнө эмгегине ишенет. Акылсыз күчүнө же болбосо бирөөгө ишенет.

6. Ата-эненин күнөөсү үчүн баласын каралоого болбойт. А баласынын күнөөсү үчүн ата энени каралоого болбойт.

7. Сөз бергенди билсең, сөзүңө турууну унутпа.

8. Сурап алдыңбы, суратпай бер.

9. Түрмөгө түшкөндүн баары жаман эмес.

10. Сакалчандардын баары имам эмес.

11. Окубагандардын баары сабатсыз эмес. Окугандардын баары сабаттуу эмес.

12. Жетим жетилет эч качан кемсинтпе.

13. Максат койгон адам максатына жетсе, ал эрктүү адам.

14. Ийгиликтерге өз күчү менен жетишкен адам ал мээнеткеч адам.

# БЕШИНЧИ ЧЫНДЫК

"Байкасаң" Адам канчалык көп күлсө ошончолук жашарат. Канчалык жакшы сөз сүйлөсө, жан дүйнөсү тазарат. Жүзү сулуу эмес, акылы улуу туура жашай алат.

Бирөөнү ишендирсең, ишеничин актаганды унутпа. Сен кандай болсоң, айлана чөйрөң да ошондой болот.

Тай чоңойсо ат болот. Акылдуунун акылы тез толот. Акылсыз алтымышта жаш болот. Эрктүү адам жаманга теңелбейт. Эстүү адам эч кимди кемсинтпейт.

Сүйлөмдөн кийин чекит болот. Өмүрдөн кийин өлүм болот.

Акылдуусуң айга сени теңейин, Сен адамсың аста айтып кетейин.

Макалдарды окуп көрчү талкуулап. Жыйынтыгын сага коюп берейин.

# АЛТЫНЧЫ ЧЫНДЫК
# " ЧЫН ТУРБАЙБЫ "

Кичинекей эт болуп бул ааламга келгенде, абайлап сени өстүргөн, жаманыңды жашырып, жакшыңды сенин ашырган, сен үчүн баарын аябаган, ийгиликтериңе кубанган, жарыктагы бейишиң "ата-энең" болот турбайбы.

Таза жааган ак кардай, жазылбаган барактай, тунуктугу булактай, кыймылы болсо чунактай, алмаштыргыс байлыка "перзентиң" болот турбайбы.

Мамилеси жылуу жан, сен менен дайым катташкан, сый урматты баалашкан, сыпаа сүйлөп сыйлашкан "тууганың" болот турбайбы.

Сырдашкан дайым жаныңда, жакшы менен жаманда, ар качан болуп кашында, кандай учур болбосун, колдогон сени дайыма "чын досуң" болот турбайбы.

Акылыңа баш бербей, жүрүгүңдөн эч кетпей, сезимиңе ийилбей, дабаасы жок илдеттей, кыялыңдан кетпеген, айттырбай сага келген бул "сүйүү" болот турбайбы.

Сага башын ийбеген, каалагандай ийлеген, адаштырып жолуңду, таразалап оюңду, сынаган сени айттырбай " тагдыр" болот турбайбы.

Түшүнүп баарына жеткенде, жашоонун кадырын билгенде, ак караны сезгенде, "өмүр" өтөт турбайбы.

# ЖЕТИНЧИ ЧЫНДЫК

1)Адамдын сырткы келбетин оңдоп түзөөгө болот, бирок кыял жооругун оңдой албайсың.

2) Эч качан бир көрүп адамга баа бербе, сыртынан ички дүйнөсүн көрүүгө болбойт.

3) Жакшы башкага да барктуу болот, жаман жакындарына да жат болот.

4) Сүйбөгөн адамың менен жашоо кыйын, сүйүп туруп бактысыз болуу андан да кыйын.

5) Чыныгы инсан гана сүйлөгөн сөзүнө, кылган ишине жооп бере алат.

6) Убакыт бул кимдин ким экенин көрсөтүүчү күзгү, тагдыр жарыктагы тараза.

7) Жүрөгүңдү ооруткан адамды кечир, бирок экинчи жолу мүнкүнчүлүк бербе.

Улуубу же жашпы, жаманбы же жакшыбы, акылдуубу же акылы жокпу.

Бул жашоого келген ар бир адам, бактылуу жашоого тийиш.

Болгону адам- адамдык сапатын жоготпоо керек, өз милдетин билүү керек.

# СЕГИЗИНЧИ ЧЫНДЫК

1) Ийгилик баарына жолугат, аны кармап калуу адамдын жөндөмүнө байланыштуу.

2) Дайыма максат менен жаша жана ийгиликтерге жетишүүнү үйрөн.

3) Ар адамдын өзүнүн жеке ой пикири болуш керек, жетелеме адамдардын оюу саат сайын өзгөрөт.

4) Артынан сөз кылган адамга капа болбо, себеби ал сенде алсыз, эрктүү адам артыңан сүйлөбөйт.

5) Эркектин күчтүүлүгүн акылынан байка, күчүнөн эмес. Аялдын сулуулугун назиктигинен байка, сыртынан эмес. Бир чырпыктан тал болот, эгер жакшы кайтарсаң. Аары да болсо бал берет, аны жакшы карасаң. Ийгилике жетесиң жакшылар менен жанашсаң. Адам болуу жашоодо, ал өзүңөн байкасаң.

# ТОГУЗУНЧУ ЧЫНДЫК

1). Сенин ар бир кыймылың өзуң үчүн муш болот, же болбосо башына конгон куш болот.

2). Көзүң менен карасаң бардык инсан жакшы көрүнөт, бирок кээ бир инсандардын ички дүйнөсүнө жашың төгүлөт.

3). Жакшы адам түн кирбеген күндөй болот, жаман адам таң атпаган түндөй болот.

4). Акылдуу перзент ата-энеге жөлөк болот. Акылдуу ата-эне перзент үчүн дөөлөт болот.

5). Жакшы күйөө  кайын журтка сый болот, жаман күйөө  кайын журтка ый болот.

6). Жакшы келин кайын журтка кут болот, жаман келин кайын журтка кырт болот.

7). Жакшы кайнене келинин тарбиялайт, жаман кайнене келинин жамандайт.

8). Жакшы ата балдарынын сыймыгы, жаман ата балдарынын намысы.

9). Жакшы эркек аялын башкарат, жаман эркекти аялы башкарат.

# ОНУНЧУ ЧЫНДЫК

1). Үйүң кең болуп, жан дүйнөң тар болсо эч нерсе батпайт. Жан дүйнөң кең болуп, үйүң тар болсо да баары батат.

2). Жүзүң менен тилиң -сенин сырткы күзгүң. Сезимиң менен ыйманың- сенин ички күзгүң.

3). Адамдын бай же кедей, улуу же жаш экенине эмес, адамдык сапатына көңүл бур.

4). Сөз бул пахта жана таш сыяктуу, пахта сунсан пайдасы бар, таш менен урсаң тартмайың бар.

5). Өзүндө акыл болбосо, айткан менен пайда жок. Жан дүйнөң таза болбосо, жашырган менен пайда жок.

6). Адамдагы бийик сапаттар. Чечкин-дүүлүк, сабырдуулук, ыймандуулук, боорукер-лик, жоопкерчилик, эрктүүлүк, туруктуулук.

# ОН БИРИНЧИ ЧЫНДЫК

1). Кудайымдын сага берген чексиз белеги, жарыкчылыкка жаратканы, акыл-эс, ден-соолук бергени. Турмушту алып кетүү ал сенин колуңда.

2). Жакшы максат менен алдыга умтулган адамды, жараткан ар дайым колдойт.

3). Талыкпаган эмгек гана ийгилик алып келет.Туура жашай алган турмуштун даамын сезе алат, ийгиликтерге жетишет.

4). Өзүндү мага тааныштырба, баскан турганыңдан, тарбияңдан, кылган ишиңден мен сени өзүм тааныйын.

5). Акылыңа жараша ой жүгүртүүң болот, ой жүгүртүүңө жараша максатың болот, максатыңа жараша кыймыл аракетиң болот, кыймыл аракетиңе жараша турмушуң болот.

6). Заманда, жашоодо күнөө жок, ар бир адам өз турмушу үчүн алга умтулушу керек.

7). Эч качан бирөөгө жүз пайыз ишенбе, себеби адамдар аба ырайы сыяктуу.

8). Адамдан качып кутулууга болот, тагдырдан качып кутула албайсың.

9). Баркыңды билбегенге, кадырыңды тебелетпе.

10). Ишеничтен чыккан адам, сынган буюм сыяктуу.

11). Жаман адам өзүн- өзү үңкүргө түрткөн менен барабар.

# ОН ЭКИНЧИ ЧЫНДЫК

1). Сөзүнүн күчүн жоготкон адам, өзүнүн кадыр баркын жоготконго барабар.

2). Алтын ылайга түшсө да, алтын боюнча калат. Тезек канча курук болсо да, тезек боюнча калат.

3). Ушак бул, нандын ушагы сыяктуу адамдардын азыгы.

4). Ит карыса кит болбойт, кумурска карыса пил болбойт.

5). Эби жок, жашоону турмушту алып кетүүдө көп кыйынчылыктардын курманы болот.

6). Бардык эркек ата боло алат, бирок чыныгы ата гана, баласына, үй бүлөөсүнө кам көрөт.

7). Жашоодо үч гана күн болот:

1). кечеки күн, ойлондуңбу?

2). бүгүнкү күн, аракет кыл.

3). эртеңки күндө, жакшы жашашың үчүн.

# ТӨРТ САПТАР



Жакшысынан жаманы көп, жалган жашоо.
Таттуусунан ачуусу көп, арман жашоо,
Чындыгынан жалганы көп, кайран жашоо.
Туурусунан уурусу көп, чиркин жашоо,
Өмүр сүрбөй өлгөнү көп, аттиң жашоо.

***

Сен тагдырсың, сен мезгилсиң,
сен жашоосуң күтпөйсүң,
Адамдарга ар сыноону жүктөйсүң.
Табышмаксың чечип бүткүс өмүр сен,
Таалайыма жазылганын көрөм мен.

***

Арман болуп, калдың мага жүрөктө,
Унутайын жашоо мени жүдөтпө.
Жолдорубуз башка -башка билемин,
Тагдыр экен , унутаармын күн өтсө.

***

Өзгөнү эмес, бир өзүндү сүйөйүнчү,
Жүрөгүңдө тумар болуп жүрөйүнчү.
Мага деген, жылуу сезим сенде болсо,
Айтчы жаным, канча десең  күтөйүнчү.

Өмүргө келдиң, сен төрөлүп балапан,
Аппак элең, сүттөн дагы каймактан.
Кичинеңде таттуу элең сен балдан,
Жакшы көрчү баары сени жанынан.

***

Чоңойдуң сен, билинип убакыттан,
Акыл кирди, ак караны ажыраткан.
Эки жол бар , жакшы жаман сен баскан,
Тандап ал деп, карап турат жараткан.

***

Бар жашоодо, алтындан да кымбат нерсе,
Бар өмүрдө, өлүмдөн да уят нерсе.
Бийлик, оомат, бир күн келип кайра кетет,
Бул жарыкта, ыймандуулук жакшы нерсе.

***

Ушунчалык кең ааламга батпай кетем,
Суроолор көп жүрөгүмдү эзгилеген.
Түбөлүктүү жашасам да бул өмүрдө,
Ачуу дарттан арыламбы арман деген.

***

Түшүнбөдүм эмне өзү бакыт деген,
Чектелгенби бардык нерсе жалган менен.
Журөк согуп көзүм көрүп турганында,
Болсомчу дейм аз да болсо бактылуу мен .

***

Сезимдер уюп, жаштар көздөн куюлуп,
Жашоо мага кызыгы жок туюулуп.
Жүрөк согот, арманы көп ичинде,
Өкүнүч кайгы, кетчи менден жулунуп.

*******

Ата-эненин кадырын,
Тирүүндө барктагын.
Бул жашоонун кадырын,
Көз каректей сактагын.

Адамдын кандай экенин,
Акылынан байкагын.
Аялдын кандай экенин,
Үй ичинде айтайын..

## УНУТПА

Бул жашоого келген сон, кетмейиң бар унутпа,
Бирөөнүн акысын жеген соң, кусмайың бар
унутпа.
Жамандык кылсаң бирөөгө, тартмайың бар
унутпа,
Сыйлабасаң башканы, сый табууңду унутпа.

## ҮМҮТ

Ары түртүп, бери түртүп тарткылап,
Кээде ыйлап кээде катуу каткырат.
Үмүтүңдү үзбөй менден жаша деп,
Үзүлбөгөн кыялдарга мас кылат.

## ТАГДЫР

Ар бир жанга түрдүү өмүр тартуулап,
Кээде сыйлап кээде башка ургулап.
Адамдарга сыноо берип сындайсың,
Сен тагдырсың таразалап утурлап.

Тагдыр менден алыстаба качпагын,
Жашоо менен сырларыңды катпагын.
Сынап туруп мезгил мени бул жолдо.
Таалайыма кыйын сыноо жазбагын.

Сен мен үчүн булактагы муздак суу,
Кээде болсо жутсам өлгүс ачуу уу.

Талашы жок баш бербеген адамга,
Тагдыр сенин жүзүң эмне мынча куу.

Аянычтуу жаш да толот көзүмө,
Билсең эгер батпай кетем өзүмө.
Эрким жетпейт алышууга сен менен,
Баш ийемин ийилемин өзүңө.

Сенин жүгүң артып алып жонума,
Жүргөндөймүн узак сапар жолунда.
Талаптарын укмуш татаал жашоодо,
Түшүнөмүн адам алсыз колунда.

Буттан чалдың түрткүлөдүң нечен ирет,
Ар бир сыноoң акылыма таштай сиңет.
Табышмаксың өмүрдөгү чечилгис,
Сырдуулугуң таалайымды сага ийет.

Чарчадымбы бул турмуштун шаңынан,
Чарчадымбы ачуу таттуу даамынан.
Же болбосо нурун токпой сынаган,
Чарчадымбы күндүн чыкчуу таңынан.

## АЖАЛ

Сен күчтүүсүң билип турам баарынан,

Тирүү зат жок бир өзүңө багынбаган.
Улууну да кичүүнү да бирдей көрүп.
Ар бир жанды өз койнуңа алып тынган.

## ӨЛҮМ

Бар пенденин башында,
Жазылгансың тагдырга.
Сенден качып кутулбайт,
Жаралган бир жандык да.

## ЧЫНЫГЫ ЖАШОО

Сезип турам, о дүйнөнүн бар экенин,
Ал дүнүйө түбөлүктүү наз экенин.
Дагы, дагы билип турам, туюп турам,
«Бейиш төрү» адам үчүн жаз экенин.

## ЖАН ДҮЙНӨ

Сезбептирмин таңдын күндө атканын,
Күнүм батып түн койнуна катканын.
Сезе албай жашадымбы өмүрдө,
Күндүн нурун жылуу тийген аптабын.

Жамгыр болду жан дүйнөмө жаабагын,
Сезесиңби көңүл аксап жатканын.
Асманымда кара булут ак булут,
Көрбөй келем мага кабак ачканын.

## КӨЗ КАРАШ

Таарындымбы тагдыр сага жөнү жок,
Табышмактуу таалайыма көңүл жок.
Көп сынадың көп кыйнадың арга жок,
үмүт үзбөй жашап келем айла жок.

Өмүрүмдүн өтүп барат күндөрү,
Кээде ыйлап кээде көңүл жүдөдү.
Өкүнбөйүн десем дагы өзүмө,
Арман толуп күч келет ко жүрөккө.

## ИЧКИ СЕЗИМ

Жан дүйнөмдү кара булут каптады,
Тийбей калды күндүн нуру аптабы.
Түн койнунда жашап жатам таңы жок.
Жашоом менин бул өмүрдө аксады.

Тагдыр мага ички сырын айтпады,
Жакшы турмуш мага нурун чачпады.
Сынагансыйт мезгил мени тар жолдо,
Бакыт таалай мага жүзүн ачпады.

Кыйын сыноо менден алыс качпады,
Жалгыздык бул мени дайым жандады.
Суу суранган дарак сымал кургады,
Тамырымдын аяр соккон кандары.

***

Эх чиркин өмүр жашоомо таңы атпай калды,
Тагдырдын табышмагы мен үчүн жанбай калды.
Арманым ичке толуп, сезимдерим жалгызсырап,
Кең аалам мен үчүн тар дүйнө болуп калды.

Кубаналбай бакыт таппай өзүмдү бууп салдым,
Армандуу күндөрүмө көз жашымды жууп
салдым.
Айла жок башым ийип таалайга таарынгамын,
Жаштыгым өтүп кетти артыма кайталбаймын.

## ЭНЕКЕ

Эне болуп, кадырыңды билдим энем,
Эне деген, жарыктагы ыйык экен.
Жанып турган, жашоомдогу чырагымсың,
Ар бир сөзүң, жаныма кубат берген.

Жашоодогу бейишим, асыл энем,
Перзентине ар дайым, көөнүң кенен.
Өмүр тилеп, жаратакандан балаң үчүн,
Эне деген, ушунчалык бийик экен.

## КЫЗДАРЫМА

Кызым бар деп, сыймыктанам жылмая,
Жан дүйнөмсүң, periштемсиң жакшына.
Акылдуу бол, өмүрлүү бол, эстүү бол,
Кылыктарың бир башкача татына.

Мадинам, Аянам- булар менин булагым,
Тамырымдан кан сокқондой ынагым.
Арманымды адаштырган шамалдай,
Жүрөктөгү эгиз менин тумарым.

## БИР ТУУГАНДАРЫМА

Бир тууганым, менин каным,
Соккон жүрөк тамырым.
Бар болгула, пешенеме,
Жашоомдогу жарыгым.

Ыраазымын чырактарым,
Өз жаныма ынактарым.
Силер үчүн, бул өмүрдө,
Карек болуп турам дайым.

Көңүл чөксө, кубат болгон жанымда,
Кубанычым, тең бөлүшкөн дайыма.
Чогуу ойноп, чогуу күлүп , чоңойдук,
Сыймыктарым, мен ыраазы кудайга.

## ГУЛХУМАРДЫН ЭЛЕСИНЕ
***(1983-2009)***

Арабыздан алып кетти ажал сени,
Энең ыйлайт өмүр бою, сыздап эми.
Тойбоду го жытыңа, балаң деги,
Таш боор тагдыр, эмне кылдың, айтчы деги.

Сагындыго жакындарың,баары сени,
Жаш элең эмне мынча, шаштың эми.
Ачык мүнөз, жылуу жүздүү, адам элең,
Жаткан жериң, жайлуу болсун, досум эми.

## ӨСКӨН ЖЕР

Сагындым мен туулуп өскөн жеримди,
Мени күткөн ата-энемди элимди.
Бир күн келип конок болуп барамын,
Белек кылам сага таза дилимди.

***

Аял бар жашоо уланат,
Аял бар түтүн буланат.
Аял бар сүйүү жаралат,
Аял бар турмуш курулат.

***

Чындык күчтүү жалгандан,
Өлүм күчтүү өмүрдөн.
Ыймандуу болуп жашайлы,
Чын жүрөктөн көңүлдөн.

## АДАМДЫН БААРЫ АКЫЛДУУ БОЛСО

Адамдын баары акылдуу болсо,
Кылган иши көңүлгө толсо.
Жүзүндө жылмаю болуп,
Жүрөгүндө ыйманы болсо.

Адамдын баары акылдуу болсо,
Сүйлөгөн сөзү жагымдуу болсо.
Туура басып ачык сүйлөп,
Жашоосу кызыкка толсо

## ЖҮРӨГҮҢДҮ ЫЙМАН МЕНЕН СУГАРСАҢ

Алсыздыкка, эрксиздикке алдырбагын,
Акылдуу бол, зирек бол жандырмагым.
Максат коюп, аракетчил болсоң эгер,
Намыстан да уу камчы салдырбагын.

Үмүт кылып , түз жол менен сен куралсаң,
Кудайымдан жакшылыкты сурансаң.
Бакыт , таалай кош- кош болуп келет го,
Жүрөгүңдү ыйман менен сугарсаң.

## БАЛАЛЫГЫМ

Бир кездерде, кичинекей кыз элем,
Айылымда, кызуу ойноп жүрчү элем.
Жылаңайлак көчө бойлоп жүгүрүп,
Шок болчумун, теңтуштарды урчу элем.

Чоң энеме, кызык бийлеп берчү элем,
Чоң атама, ат болуп бер дечү элем.
Атам келсе, моюнуна асылып,
Атакебай, ойнот мени дечү элем.

## ПЕРЗЕНТИМЕ

Наристемсиң жан дүйнөмдү жарык кылган,
Нур болуп маңдайымда жанып турган.
Жашоодогу периштемсиң берекемсиң,
Өмүрүмдүн маңызын сенден туям,

Балапаным балдай таттуу тилиңен,
Эркелесең эт жүрөгүм эзилген.
Жаратканым чырагыма бак- таалай бер,
Ыраазымын кудайыма перзент берген.

***

Улуу журтум урмат кылам баркыңды,
Улагым бар, учугуңду артыңды.
Уламыштан өнүп- өсүп келишкен,
Улуулугун сыйлап келем калкымды.
Укуруктап учкул сөздөн улайлы,
Улуктугун менин кыргыз калкымды.

Өткөндү артка кайтарса болбойт,
Ооруну ичке сактаса болбойт.
Карыны кайра жашартса болбойт,
Өлүмдөн качып кутулса болбойт.

## АМАНАТ

Сен жылмайсаң жашоом гүлгө айланат,
Сезимдериң  жүрөгүмө жайланат.
Махабатым сен өчүрбөй жашачы,
Менин сүйүүм бир өзүңө аманат.

Көздөрүң жанып турган карагат,
Мээримдүүсүң  көңүлүм сага багынат.
Өзгөнү эмес бир өзүндү сүйөйүн,
Менин сүйүүм бир өзүңө аманат.

## ТИЛЕК

Мен жашоодо туура жолду тандайын,
Жаңылбайын, адашпайын, тайбайын.
Ар бир аткан таңымды чексиз баалап,
Келечеке туура кадам таштайын.

Бул өмүрдүн кадырын мен баалайын,
Жан дуйнөмө жарык нурду чачайын.
Колдон келсе жардамымды аябай,
Жакшылыкты эл журтума жасайын.

Жакшылыкты кылыш керек баарына,
Жакшыга да, жаманга да жалпыга.
Кудай турат жогоруда көз салып,
Жакшылыгың кайтат бир күн жакшына.

## БАКТЫЛУУ БОЛ

Ак жоолук салып башыңа,
Келин болдуң  жакшына.
Бак дөөлөт сенден кетпесин,
Кут консун барган айылга.

Нур болчу жашоо багында,
Таалайлуу бол дайыма,
Колдоп жүрсүн ар дайым.
Жолдошуң сенин жанында.

Гул болуп ачыл күн сайын,
Мөмөлөгүн жыл сайын.
Бакчада учуп балапан,
Ак жолтой деп ырдайын

## БИР ӨЗҮҢӨ

Сүйүүнүн кулуна мен айланып,
Түгөнбөгөн кыялдарга байланып.
Мени мынча акыл эстен тандырып,
Орун алдың жүрөгүмө жайланып.

Сезимдерим бир өзүңө байланып,
Арзуум сага күндөн- күнгө ай жарып..
Жанып турсаң жаркырап күлүп жайнап,
Бергим келет өмүрүмдү сага арнап.

Жан дүйнөмө сенсиз таңым атпай турат,
Түн кирсе бирок жылдыз жанбай турат.
Жүрөгүм сени эстеп куса болуп,
Унуталбай  жүрөгүм канбай турат.

## ӨЗҮҢ БОЛЧУ

Жазым болчу жан дүйнөмө жайнаган,
Жайдар мүнөз кыялыңдан айланам.
Көгүчкөнүм жарыктагы көрүшкөн,
Кыялымда мен өзүңө  байланам.

Жүзүндөн кагылайын нур тамган,
Ууртуңдан жарашыктуу жылмайган.
Өзүң болчу жашоомдогу жарыгым,
Таалайыма тагдырыма жазылган.

Жаратылыш ушунчалык кооз беле,
Сендей жанды бул ааламга жараткан.
Алыстаба сенде пейил кең беле,
Бир өзүңө менин көөнүм жарашкан.

## АК ШООЛАМ

Күн сайын сүйүүм артып сага деген,
Толуктачы көңүлүмдү мээрим менен.
Кубанычым жүрөгүмө батпай турат,
Сен мен үчүн жаралган бакыт белең.
 Сезимдериң таң нурундай тунук беле,
Сагынамын жаным сени бат бат эле.
Жан дүйнөңдүн тазалыгы багындырды,
Жылмаямын жоруктарың эстеп кээде.

Кандай жакшы бакыт таалай бирге келсе,

Жаратканым сый урматты бизге берсе.
Бир өмүргө жактырамын сүйүп алам,
Алла таалам тагдырыңар бирге десе .

Ак сүйүүдөн кимдер бакыт таппаган,
Ак сезимди кимдер гана танбаган.
Жашай берсин таза тунук көңүлдөр,
Акын барбы бул туйгуну жазбаган.

## ЭНЕ ТИЛИМ

Тилим менен "АПА" деген сөздү айткам,
Тилим менен мен ааламды тааныгам.
Кыргыз тилим кымбат улук мен үчүн,
Өз жаныман, өз каныман жаралган.

Ата бабам кылым бою даңктаган,
Жер жүзүнө тилим менен мактанам.
Адам болсом, ишеничин актаган,
Эл журтумдун керегине жараган.

## ЭСТЕЧИ

Эстечи кээде, элесим калсын эсиңде,
Эстечи түндө, түшүңө кирген кезимде.
Эсиңден чыккыс сүйүүңдү сакта унутпа,
Эзилип калган жүрөгүң менин эсимде.

Эстечи мени, көңүлүң чөксө эзиле,
Эстечи жаным, жатаарда бир маал кечинде.
Таарынба мага, тагдырга эми өкүнбө,
Түшүнөөрсүң убакыт өтсө кезинде.

Болгону эсте, жаныңда болбойм унутпа,
Таалайлуу бол, бактылуу өмүр кечире.

## ЭПСИЗ

Жаман адам өз жакынын жат кылат,
Жаман сөзүн баарын сага кас кылат.
Эрксиз болсоң жашоо сени каралайт,
Эпсиз болсоң тууганың да карабайт.

Чечкинсиз болсоң эч ким сени тааныбайт,
Жалкоо болсоң жакының да жан тартпайт.
Ойлонбосоң аракетиң жаралбайт,
Акылсыз болсоң кылган ишиң жарабайт.
Аракетиң болбосо тагдыр сени жазалайт.

## КОРКОМУН

Жарааты бүтпөс, айыкпас жарам козголуп,
Өзүмдүн сөзүм, өзүмө кээде оор болуп.
Унчукпасам, айтпасам дагы белгилүү,
Тагдыры жүрөт, канча адамдын кор болуп.

Биринде таалай,биринде бакыт кем болуп,
Биринде кайгы, биринде оору топтолуп.
Жаралган пенде, өмүрдө толук жашабай,
Кеткени канча кеч кирген түндөй жоголуп.

Жакшылык менен жамандык бирдей оролуп,
Жашоодо арман кездешет тура торолуп.
Коркомун аттиң, сезгенип калган жүрөгүм,
Өлүмдөн эмес, кызыксыз күндөн кооптонуп.

## ӨМҮРДӨГҮ САПАРЫМ

Тартууладың жашоо мага өмүрүмдү,
Билсем экен канча жашап өтөөрүмдү.
Табышмактуу тагдыр жолун басып барам,
Адашпастан тандасам дейм туура жолду.

Кээде турмуш мени сага кас кылат,
Кээде болсо бакыт берип мас кылат.
Адамдарды айрымалай билгин деп,
Жакшы жаман адамдарга туш кылат.

Жакшы күндөр жүрөктөрдө жакшы элес
калтырат,
Эстеликке артыбызда басып өткөн из калат.

## ЭСКИРГЕН МАХАБАТ

Арадан көп жыл өтүптүр,
Элесиң эстен өчүптүр.
Экөөбүздүн ак сүйүүбүз,
Тарыхыма эбак көчүптүр.

Таанышкан ошол мезгилдер.
Жылуу өчпөс сезимдер.
Эгиз козу сыңары.
Жүргөн элек бир кезде.

Жашоомдо болдуң эстелик.
Жүрөмүн кээде эскерип.
Жаш мезгил өттү сен менен.
Тунук сезим бир келип.

## АЛЫСТАГЫ КУСАЛЫК

Эркелегим келип турат баладай,
Эне сени сагындымго жанымай.
Канат болсо учуп эле барсамчы,
Кучагыңда эркелеп мен жатсамчы.

Эркелегим келип турат баладай,
Ата сени сагындымго жаным  ай.
Көөдөнүңө башым коюп уктасамчы,
Чоң кыз болуп калганыма карабай.

Эркелетким келип турат балам ай,

Мөмөм менин жарыгымсың чырактай.
Ушунчалык куса болдум силерге,
Сагынычым жүрөк эзет чыдатпай.

Эркелегим келип турат баладай,
Ала-тоом, жыпар жыттуу арчамай.
Көздөн өттү топурагың алтын жерим,
Сагынды го сенин эрке кызың ай.

## ТҮШҮМДӨН ЖАРАЛГАНСЫҢ

Сен мен үчүн сыйкыры күчтүү жансыңбы,
Же болбосо кечтеги шоола айсыңбы.
Түшүмдө мага жолуккан асыл жаным,
Жашоодогу кызыл гүлдүү жайсыңбы.

Бир мен үчүн жарык берчүү таңсыңбы,
Жыпар жыттуу кайталангыс жазсыңбы.
Уктап жатсам мени келип жылытчуу,
Айтчы эркем табышмактуу жансыңбы ?

Бүгүн дагы ойлодум сен жөнүндө,
Жылуулук бар жадыраган жүзүңдө.
Көзүм менен көргөнүмө кубанам,
Ардагымды күндө кечки түшүмдө.

## ЭГЕР БОЛСОҢ

Эркек болсоң эр болгун, арыстандай шер
болгун,

Атына затың жарашкан, үй бүлөөңө дем болгун.
Сырдуу болгун, сүрдүү болгун, чын болгун,
Чагылгандай күчтүү болгун, тың болгун.

Кадырыңды, ордуңду билип турмушта,
Чынчыл болгун, эрктүү болгун эр болгун.
Аял затын сыйлай билген бий болгун,
Кыз намысын барктай билген , пир болгун.

Бийик болгун, баштуу болгун баа болгун,
Жаман менен жакындашпай жат болгун.
Эгер болсоң " эркек " болсоң эр болгун,
Чылым менен, ичкиликтен жат болгун.
Жаман жолдон , жаман иштен сак болгун.

## ЭРКЕСИ

Жалгыз сенсиң жүрөгүмдүн эркеси,
Болбойт экен сүйүүнүн кеч эртеси.
Сени мага жоолуктурган тагдырга,
Ыраазымын, сенда күлүп эстечи?

Менден алыс бир кадам да кетпечи?
Кубандырчы жан дүйнөмдү сезимди.
Бир өмүргө сени сүйүп өтөйүн,
Жүзүмдөгү күлкүмдү да ээлечи.

Жаап бүтпөгөн таза аппак кардайсың,
Кээде болсо гул жыттанган жаздайсың.
Жадыраган жаркын жүзү жайдарым,
Таттуусуң да жагымдуусуң балдайсың.

## КУСА

Кусалык жан дүйнөмдү кыйнады го,
Жүрөгүмө сагынычым сыйбады го.
Уйку бербей көөдөнүмдү эзип турган,
Оорду толгус жарам менин ырбады го.

Жылуулукту адамдардан издедим го,
Жакшы сөздү , жылуу көздү эңседим го.
Ата- энемдин мээримине тойбой калган,
Сагынычтуу санаам сыздап туйлады го.

Ата сенин ордуңду эч ким баспады,
Эне сендей башка мени бакпады.

Таш боор тагдыр ажыратып силерден,
Ара жолго мени минтип таштады.

Жаратканым кимге айтам арманымды,
Куч кубат бер, сурабайм сенден башканы.
Жалгыздык ээлеп алып бүт дүйнөмдү.
Көздөн болсо аянычтуу жаш тамды.

## САГЫНУУ

Кеттиң мына келбес алыс тарапка,
Бир өмүргө мени салып кайгыга.
Жүрөк ыйлайт арманым бар ичимде.
Сыйбадыңбы кен дуйнөгө ааламга ?

Эмне мынча шаштын жаным ажалга ?
Арылалбай калдым го мен санаада.
Өмүрлөшүм сендей мага адам жок,
Бул жашоодо бул турмушта жарыкта.

Жаткан жериң жайлуу болсун ардагым.
Сагынабыз жакындарың дайыма.

## АК КӨЙНӨК

Мына бугун аппак көйнөк жарашып,
Баары сени суктанышып карашып.
Баратасың турмуш сапар жолуна,
Ак куулардай жолдошуңа жанашып.

Барган жерге жакшынакай кут болгун,
Жадыраган жайнап турган нур болгун.
Түгөйүңө сыйлуу болуп ар дайым,
Бак таалайга бир өмүргө мас болгун.

Перзенттерге келечекте бай болгун,
Кадыры барктуу жадыраган жар болгун.

## ТАРЫХ

Жаштык өтсө эстеп жүрөөр күн калаар,
Өмүр өтсө артыбызда жыл калаар.
Тунук болгон жан дүйнөнү козгогон,
Сүйүү калаар, көз жаш менен жаз калаар.

Согуп турган жүрөк бир күн басылаар,
Сезим өчүп күнүм бүтүп жан чыгаар.
Тарыхымда өчпөс болуп түбөлүк,
Ырым калаар, басып өткөн из калаар.

Мезгил өтүп кабырыма шам тамаар,
Тагдыр өзү таразасын так жазаар.
Жарыктагы жакшы жаман ишиме,
Жаратканым өзү мага сын тагаар.

Жалган дүйнө бүтсө деле таң атаар.
Бар дешет ко бейиш төрү жазы бар.

## ӨМҮРЛӨШҮМ ӨЗҮҢӨ

Күлгөнүмө себеп болгон күнүм сенсиң,
Мага бакыт тартуулаган барым сенсиң.
Кудай кошкон жарыктагы жароокерим,
Түбөлүктүү өмүрлөшүм өзүң сенсиң.

Таңым атса жарык берчү нурум сенсиң,
Күүгүм батса жылдыз болчу түнүм сенсиң.
Жадыраган жаркын жазым өмүрдөгү,
Таалайымды тең бөлүшчү жаным сенсиң.

Жарыктагы мага бейиш тартуулаган,
Үйдүн куту ырысым да өзүң сенсиң.

## ЭЛЕС

Бир күн келип жүрөк сени унутаар,
Күткөн үмүт үзүлөөр да басылаар.
Сага деген жылуу сезим көңүлүм,
Мезгил өтсө дарыланаар жазылаар.

Унутпаса кез-кездерде сагынаар,
Эстеп кээде ошол таңдын жазы бар.
Сыйкыры күч махабатка уулаган,
Эмне менде айтчы тагдыр касың бар.

Ошол күндөр элесимде сакталаар,
Тумар болуп көкүрөкө тагылаар.
Сени менден алыстаткан убакыт,
Жылдар өтсө экөөбүздү жат кылаар.

Эстегенде титиреткен жүрөктү,
Сагынычтуу сүйүүм мени жүдөттү.
Сезимимди ээлеп алып баш бербей,
Сени эстеп канча деген күн өттү.

Жаным бүгүн мына дагы эстедим,
Болуп калдың эстен кеткис эрмегим.
Тагдыр экен экөөбүздү кошпогон,
Сен да мени сагынганда эстегин.

Унутпадым унчукпадым эскердим,
Көз алдымда турат дагы элесиң.

## МЕН ИЗДЕГЕН АДАМ СИЗ БОЛУҢУЗ

Мен издеген адам сиз болуңуз,
Бакытым-таалайым да Сиз болуңуз.
Жашоомдун жакшы жаман күндөрүндө,
Жанымда кубат берчү сиз болуңуз.

Жарыктагы жанган күнүм Сиз болуңуз,
Коюу түндө ай жылдызым Сиз болуңуз.
Жаркырап маңдайымда жанып турган,
Жакыным жолдошум да Сиз болуңуз.

Ата-энеме кадыр барктуу уул болуңуз,
Кайын журтка сыйлуу жан болуңуз.
Перзенттерге акылдуу ата болуп,
Мен издеген адамым Сиз болуңуз.

## КАРЫБА АПА

Карыба апа жүзүңдү бырыш баспасын,
Көбөйүп барат күн өткөн сайын ак чачың.
Мен үчүн нурсуң ааламды мага жарыткан,
Суранам апа жаштыгың сенин шашпасын.

Карыба апа алдан күчтөн тайбачы,
Балдарың үчүн күн болуп дайым жайначы.
Ырысым менин берекем бийик таалайым,
Алтыным апам кайратыңдан жазбачы.

Узун болсун ата - энемдин өмүрү,
Бул жашоодо оорубасын көңүлү.
Мен тагдырда чалынсам да кыйналсам,
Сезбесинчи ата- энемдин жүрөгү.

Санаа басып сагынычтан жүдөдү,
Алтындарым мени канча жөлөдү.
Кызым кел деп куса болуп калдыңар,
Конок болуп барамын мен бир күнү.

Караңгыда жол көрсөткөн чырагымсың,
Оюм менен тең бөлүшкөн сырдашымсың.
Эне деген сөздү мага ата кылган,
Периштедей менин сүйкүм ынагымсың.

***

Жылуу сезим жан дүйнөмдү козгоду,
Адаштырып мен баскан жолдорду.
Таалайыма кайдан пайда болдуң сен,
Адат болду сен жөнүндө ойлонуу.

Тунук сезим көп нерсени ойлоду,
Оолуктуруп жүрөгүмдү козгоду.
Күнү -түнү кыялымдан кетпейсиң,
Сүйүп калдым жаным сени болгону.

## ЖҮРӨКТӨГҮ АРМАН

Жолукпай калсам тагдырда,
Бакыт сен мага таарынба.
Табалбай калсам мен сени,
Таалайым мага таарынба.

Тайгак жолу жашоонун,
Табышмак болдуң сен мага.
Жандырмагын таба албай,
Батамын ой санаага.

Адаштырып жолдорду,
Чиркин өмүр кыйнаба.
Алаксытам өзүмү,

Жүрөк толгон арманга.

Мен бир адам жөнөкөй,
Жаралган бул ааламга.
Бакыт таалай суранам,
Кезикчи мага жалганда.

## ЖЫЛДАР АЙ

Жылдар мени наристемден жетелеп,
Жылаңаяк ээрчип келдим эркелеп.
Жылаажындай жаштыгымды өткөрүп,
Жалгызсырап таңды күтөм эртелеп.

Жалгызсырап таңды күтөм эртелеп,
Жазган ырым мени алга жетелеп.
Жазды күтүп жаратканга жалбарып,
Жазган ырга энекемдей эркелеп.

Мени кайда жетелейсиң жылдар ай,
Мени колдоп,мени коргоп ырлар ай.
Жазайынчы убакыт бер суранам,
Жыдар,жылдар мени күтчү, жылдар ай.

## Мазмуну


Алгы сөз........................................................... 3
Таазим.............................................................. 7
Не пайда............................................................ 11

Мүнөздөмө....................................................... 12
Сен Адамсың...................................................... 13
Баланы башынан............................................... 13
Ким билет......................................................... 14
Аянычтуу чындык............................................ 18
Экинчи чындык.................................................. 19
Үчүнчү чындык "баалай бил"........................... 20
Төртүнчү  чындык "баам салуу"........................ 21
Бешинчи чындык.............................................. 23
Алтынчы чындык " чын турбайбы "................. 24
Жетинчи чындык.............................................. 25
Сегизинчи чындык........................................... 26
Тогузунчу чындык............................................ 27
Онунчу чындык................................................ 28
Он биринчи чындык......................................... 28
Он экинчи чындык............................................ 30
Төрт саптар...................................................... 31
Унутпа.............................................................. 35
Үмүт................................................................ 35
Тагдыр.............................................................. 35
Ажал................................................................. 37
Өлүм................................................................. 37
Чыныгы жашоо................................................ 37
Жан дүйнө........................................................ 38
Көз караш......................................................... 38
Ички сезим....................................................... 39
Энеке................................................................ 40
Кыздарыма....................................................... 40
Бир туугандарыма........................................... 41
Гулхумардын элесине...................................... 41
Өскөн жер........................................................ 42
Адамдын баары акылдуу болсо....................... 42
Жүрөгүндү ыйман менен сугарсаң.................. 43
Балалыгым....................................................... 43
Перзентиме...................................................... 44
Аманат............................................................. 45
Тилек................................................................ 45
Бактылуу бол.................................................... 46

Бир өзүңө........................................................... 46
Өзүң болчу......................................................... 47
Ак шоолам.......................................................... 47
Эне тилим........................................................... 48
Эстечи................................................................. 49
Эпсиз................................................................... 49
Коркомун........................................................... 50
Өмүрдөгү сапарым.............................................. 50
Эскирген махабат................................................ 51
Алыстагы кусалык............................................... 51
Түшүмдөн жаралгансың..................................... 52
Эгер болсоң......................................................... 53
Эркеси................................................................. 54
Куса..................................................................... 54
Сагынуу.............................................................. 55
Ак көйнөк........................................................... 56
Тарых.................................................................. 56
Өмүрлөшүм өзүңө.............................................. 57
Элес..................................................................... 57
Мен издеген адам сиз болуңуз........................... 58
Карыба апа.......................................................... 59
Жылуу сезим жан дүйнөмдү козгоду................. 60
Жүрөктөгү арман................................................ 60
Жылдар ай.......................................................... 61
Мазмуну.............................................................. 62

Венера Мырзабекова

# ЖҮРӨКТӨГҮ ТУМАР

Редактор: Адашкан Пирматов
Техредактору: Акылбек Тойчубаев
Корректору: Уулкан Дүйшөева
Дизайнери: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө берилди 01.10.2014-ж. Басууга 06.12.2014-ж.
Кагаздын форматы 84х60 1Y16. 2 б.т.
Буйрутма №58. Нускасы 200.
Ош шаары Курманжандатка көчөсү 236
+996 770 13-02-02